КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ТАЛАС ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Shaar.kenesh@gmail.com

shaar.kenesh@gmail.com

# Талас шаардык кенешинин IX чакырылыштагы кезектеги XIII сессиясынын №101/13-9 ТОКТОМУ

19-март, 2026-жыл

Талас шаары

**2025-жылдын жыйынтыгы менен Талас шаарынын жергиликтүү бюджетин аткарууда кирешенин чыгашадан ашкан жана үнөмдөлгөн суммасын бөлүштүрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 2-пункту, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 44-беренеси, Талас шаарынын мэриясынын 26.02.2026-жылдагы №01-19/711 чыгыш сандуу 2025-жылдын жыйынтыгы менен Талас шаарынын жергиликтүү бюджетин аткарууда кирешенин чыгашадан ашкан жана үнөмдөлгөн 71 267 500 сом акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө катынын негизинде, Талас шаардык кенешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Талас шаардык кенешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Талас шаарынын жергиликтүү бюджетин аткарууда 2025-жылдын жыйынтыгы менен кирешенин чыгашадан ашкан жана үнөмдөлгөн 71 267 500 сом акча каражатынын ичинен 50 424,7 миң сом төмөндөгүдөй бөлүштүрүлүп, бекитилсин.

- Талас шаарынын аймагында 2025-жылдын аягына карата абалы боюнча малдарды жана үй канаттууларын кайра саноого байланышкан чыгымдарды каржылоо үчүн 2215 беренесине 193,5 миң сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясы аркылуу каржылансын.
- Жер астында орнотулган таштанды чогултуучу 2 контейнер сатып алуу үчүн Талас шаарына коммуналдык кызмат көрсөтүү муниципалдык ишканасына 1 400,0 миң сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясынын турак жай-коммуналдык чарба бөлүмүнүн 2511 субсидия беренеси аркылуу каржылансын.
- Талас шаарынын ички жолдорунун долбоордук сметалык документтерин даярдоо үчүн Талас шаарына коммуналдык кызмат көрсөтүү муниципалдык ишканасына 18 000,0 миң сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясынын турак жай-коммуналдык чарба бөлүмүнүн 2511 субсидия беренеси аркылуу каржылансын.
- Талас шаарынын Ж.Тагайбаев көчөсүнө дренаж куруу үчүн 3111 беренесине 9000,0 миң сом акча каражаты Талас шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгы аркылуу каржылансын.
- Борбордук паркты курчоо үчүн 3111 беренесине 5839,0 миң сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясы аркылуу каржылансын.
- Эксперттердин кызматы үчүн (УВД) 2215 беренесине 200,0 миң сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясы аркылуу каржылансын.
- Талас шаардык кенешине планшет сатып алуу үчүн 3112 беренесине 1475,4 миң сом акча каражаты Талас шаардык кенеши аркылуу каржылансын.

- Жер салыгы төлөмдөрү үчүн 2000.0 сом акча каражаты Талас шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы аркылуу каржылансын.
Аксакалдар кенеши үчүн 2215 беренесине 130,0 миң сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясы аркылуу каржылансын.
Талас шаарындагы А.Абилдаев атындагы бала бакчасына балдар ойноочу аянтча куруу үчүн 3111 беренесине 1400,0 миң сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясы аркылуу каржылансын.
- Талас шаарынын мектептерине интерактивдүү доскаларды сатып берүү үчүн 3112 беренесине 1300,0 миң сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясы аркылуу каржыланып берилсин.
- Талас шаарынын Жолой уулу Тургуналы көчөсүнүн Ж.Мырзалиевден Ү.Молдо көчөсүнө чейин таза суу киргизүү үчүн 3111беренесине 1925, 7 миң сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясы аркылуу каржылансын.
- Талас шаарынын Ч.Айтматов көчөсүн Ч.Сатаевден О.Аланкөзов көчөсүнө чейин саркынды суу түтүктөрүн киргизүү үчүн 3111 беренесине 1593,5 миң сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясы аркылуу каржылансын.
- Талас шаарындагы Ч.Сатаев - О.Өмүрбеков көчөсүнүн кесилишинде жайгашкан балдар ойноочу аянтчанын ремонт иштери үчүн Талас шаарына коммуналдык кызмат көрсөтүү боюнча муниципалдык ишканасына 185,6 миң сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясынын турак жай-коммуналдык чарба бөлүмүнүн 2511 субсидия беренеси аркылуу каржылансын.
- Э.Турсуналиев көчөсүнө Ж.Мырзалиевден Б.Осмонкулов көчөсүнө чейин таза суу жана саркынды суу түтүктөрүн киргизүү үчүн 3111 беренесине 1500,0 миң сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясы аркылуу каржылансын.
- Талас шаарынын 59 кварталына (2-двор) курулуп жаткан балдар аянтчасын бүтүрүү үчүн Талас шаарына коммуналдык кызмат көрсөтүү муниципалдык ишканасына 1200,0 миң сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясынын турак жай-коммуналдык чарба бөлүмүнүн 2511 субсидия беренеси аркылуу каржылансын.
- Талас шаарынын 59 кварталына курулуп жаткан балдар аянтчасын бүтүрүү үчүн Талас шаарына коммуналдык кызмат көрсөтүү муниципалдык ишканасына 1200,0 миң сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясынын турак жай-коммуналдык чарба бөлүмүнүн 2511 субсидия беренеси аркылуу каржылансын.
- Талас шаарынын Ү.Молдо (тупик Советская/Манаса) 3111 беренесине 1082,0 миң сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясы аркылуу каржылансын.
- Талас шаарынын Янгичек көчөсүн аэропорттон Ү.Молдо көчөсүнө чейин жана башка көчөлөрдүн долбоордук- сметалык документтерин даярдоо үчүн 2215 беренесине 800,0 миң сом акча каражаты Талас шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы аркылуу каржылансын.

2. Талас каржы башкармалыгына (Ж.М.Ниязалиев) бөлүнгөн акча каражатын өз убагында каржылоо жагы милдеттендирилсин.
3. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Талас шаардык кенешинин жооптуу катчысына (Сариева А.Ж.) милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы Талас шаардык кенешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (Суйунтбеков А.О.) тапшырылсын.

**Төрага** **К.Джаныбеков**